**БИШКЕК ШААРЫ ЛЕНИН РАЙОНУ**
**№82 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**
**Жалпы ата–энелер комитеттеринин чогулушунун**

# №1-ПРОТОКОЛУ

**«15-сентябрь» 2020-жыл**

**Торагасы** – Жалилов Алмаз
**Катчысы** - Маатказиева Кундуз

**Катышкандар** : 210 ата-эне
**Катышпагандар:** 60 ата-эне
Мектеп директору: Исраилова А.Н.
Тарбия завучу: Турдукулова З.Т.
Мектеп соцпедагогу: Муканбетова А.А.
Мектеп психологу: Анарбекова Г.А.
Эколог эксперт:Абдикалыков Нурлан
Архитектура проектировщиги: Саламатов Урмат

**Тема:** "Мектеп жана үй-бүлө"
**Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:**

1. АРИС агентствосу, «Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу» долбоорун ишке ашыруу максатында, коомдук угууларын уюштуруу
2. "Зордук -зомбулуксуз тарбиялоо, зомбулуксуз мектеп" долбоорун ишке ашыруу
3. Аралыкта окутууда ата-эненин ролу
4. Ата-энелер камкордук кеңешмесинин төрагасын кайрадан шайлоо.
5. Учурдагы маселелер

**УГУЛДУ :** Жыйналышты мектеп директору Исраилова Алмагуль Нурбековна ачты.

**1-маселе** боюнча , «Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу» долбоорунун өкүлдөрү –эколог эксперт:Абдикалыков Нурлан

-архитектура проектировщиги: Саламатов Урмат чыгып сүйлөштү.

Коомдук имараттардагы энергоэффективдүүлүктү жакшыртуу жаатындагы алдын-ала каралган жумуштар тууралу тааныштырды:

1. Дубалдарды жылуулоо;
2. Терезелерди алмаштыруу;
3. Тышкы каалгаларды алмаштыруу;
4. Чатыр жана шып жабууларун жылуулоо;
5. Реновациялоо, полду жылуулоо;
6. Бөлмөлөрдөгү аба алмашуу системалары;
7. Имараттын сейсмикалык жактан туруктуулугун бекемдөө (имаратты арматура менен бекемдөө, пайдубалын бекемдөө);
8. Жылуулук берүү системасын + жылуулук насосту жаңылоо:

Сканировано с CamScanner

иштери жасаларын жана дагы күтүлө турган жыйынтыктары жөнүндө айтып беришти.

-"Коомдук бюджеттеги имараттардын көпчүлүк бөлүгү 25-60 жыл илгери курулушкан. Эски имараттарда энергетикалык эффективдүүлүктүн заманбап түрлөрү колдонулган эмес, ошондуктан ал, жылуулук ресурстарды үнөмсүз колдонууларга алып келет. Ал мекемелердин бюджетине, кайра бөлүү тармактарына көп күч келтирет, андан тышкары, ал электр энергиясынын жетишсиздигинен отун-көмүрдү колдонуулары көбөйгөндүгүнүн эсебинен экологиялык абалдын начарлашына алып келет.

Билим берүү системаларындагы коомдук имараттардагы энергия колдонуулардын эффективдүүлүктөрүн жогорулатуу коомдук энергиянын азыркы чыгымдарын кыскартуу менен бирге эле, энергияга күч келүүнүн туу чокусу менен байланышкан колдонууларды азайтууга мүмкүндүк берет.

Энергоэффективдүүлүктү жогорулатууга инвестициялоолор бул объекттер тартуулаган кызматтардын (мисалы, балдарды багууну жакшыртуу жана имараттардын жакшы функционалдуулугу, ошондой эле, сейсмикалык коопсуздуктун жакшыртылган иш-чаралары) сапатын жогорулатууну кошуп алуу менен бирге бул анализде сан жагынан такталбаган экономикалык пайдаларды түзөт".

**2-маселе** боюнча социалдык педагог Муканбетова Айнура Амантуровна чыгып сүйлөдү:

Зордук-зомбулук көйгөйүнүн болуп жаткандыгын ата-энелерге, бардык массалык-маалымат каражаттарында, интернет булактарында көрсөтүлгөндөй азыркы мезгилде бул көйгөйдүн көбөйүшүн баса көрсөтүп айтты.

Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун ар түрдүү түрлөрү менен ата-энелерди тааныштырып , мисал келтирүү менен презентациясын көрсөттү
Ата-энелердин балдар менен болгон мамилесин жакшыртууда жана алардын керектөөлөрүнүн канааттандырууда ата-энелердин чыныгы кадыр-баркын көтөрүүгө көмөктөшүү жолдору менен тааныштырды.

**3-маселе** боюнча мектеп психологу Анарбекова Гүлжан Анарбековна чыгып сүйлөдү: Сөзүн ата-энелерге суроо узатуу менен баштады;

1. Ата-энелик сүйүү деген эмне?
2. Баланы кантип сүйүүгө болот?
3. Баланы инсан катары кантип тарбиялоо керек?

Ушул суроолорго жооп алуу менен психолог өзүнүн кеп-кеңешин айтты.

"Балага ашыкча мээрим төгүү да тарбиянын терс көрүнүшүнө алып келиши мүмкүн. Бул жерде ашыкча коргоп, үстүнө үйрүлүп түшүү тууралуу кеп болууда. Жалгыз балдарды оорубасын, көңүлү калбасын, кырсыкка кабылбасын деп корккон сайын, ошол нерсе болуп калышы ыктымал. Мындай өтө ашыкча сүйүү, эки нерсеге, биринчиси ата-энесинин айтканынан чыкпаган, алар жок эч нерсе жасай албаган мажүрөө баланын өсүшүнө, экинчиси, ашыкча камкордуктан буулугуп, агрессивдүү баланын өсүшүнө алып келет. Ал үчүн баланы кандай болбосун жалгыз болобу, көп болобу жоопкерчиликти моюнга алганга үйрөтүп, эркиндик бериш керек."

Дистанттык окуу учурунда ата-энелерге бир нече кеп-кеңештерди айтып өттү.

**4-маселе** боюнча камкордук кеңешменин төрагасы: Жалилов Алмаз чыгып сүйлөдү.

Сканировано с CamScanner

"Өткөн окуу жылында, камкордук кеңешменин мүчөлөрү тарабынан алгылыктуу иштер жасалды. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоого барыңыздар активдүү катышып бердиңиздер. Өзгөчө мектептин ремонту, ата-энелердин жана класс жетекчилердин биргеликте иш алып баруусу менен бүттү. Бардык көрсөтүлгөн жардамды ата-энелер комитеттери өздөрү көзөмөлдөп турушту.

Аяктаган окуу жылында, балдардын коопсуздугун көзөмөлдөө үчүн, жеке күзөт агенствосу менен келишим түзүлүп, акыркы май айындагы бир күзөтчүгө төлөм төлөнбөй калган эле. Анын себеби, буткүл дүйнөдөгү түзүлгөн кырдаал, пондемия Ковид-19 болду. Түзүлгөн карантиндин себебинен каражат жыйналбай калды. Быйылкы жылга келишимди жаңыртышыбыз керек.

Биринчиден жаңы төраганы же төрайымды шайлооңуздарды өтүнөм. Андан кийин келишим жаңыланышы керек".

**5-маселе** боюнча 1-"Д"классынын ата-энелер комитетинин башчысы Туртанбаева Н. чыгып сүйлөдү.

-"Мектепте балдарыбыздын коопсуздугун көзөмөлдөгөнгө күзөт кызматчылары керек. Жеке күзөт агентствосун өзүбүзгө ылайыктап тандап туруп, келишим түзүү зарыл . Балдарыбыз, мектебибиз күзөт кызматчылары-на муктаж. Бул ишти тездетпесек болбойт!".

Жергиликтүү жамаат бул өзубүздүн ата-энелер болгондуктан, ата-энелер үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон маселе боюнча жергиликтүү жамааттын ой пикирин дыкат иликтөө, угуу, талкуулоо менен чогулуштун аягында төмөнкү

**чечимдер кабыл алынды:**

1.АРИС агенствосунун "«Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу» долбоорун ишке ашыруу максатында, мектептин 3-корпусундагы окуу процесси, жаңы корпуска көчүрүлсүн. Коомдук угуудагы маселелер жергиликтүү жамаатка толугу менен жеткирилсин.

2."Зордук -зомбулуксуз тарбиялоо, зомбулуксуз мектеп" долбоорун ишке ашырууга бардык ата-энелар тартылсын.

3.Аралыкта окутууда, балдардын билим алуусу, ата-эненин эң негизги жоопкерчилиги экендиги милдеттендирилсин.

**4.** Ата-энелер камкордук кеңешмесинин төрайымы болуп:

1. Жумакунова Кенжекан Асановна

Төрайымдын жардамчылары болуп:

1. Жумалиева Кундуз
2. Ташбаева Ализа
3. Нарынбекова Жаңыл

Ревизиондук комиссияга:

1. Иманкулова Мээрим
2. Матказиева Кундуз
3. Тургунбаева Майрам дайындалсын.

**Төрагасы:** **Жалилов Алмаз**

**Катчы :** **Нарынбекова Жаныл**

Сканировано с CamScanner